УДК 37.064.2:378.4
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-64-70

**ТЫНЫСТАНОВА Н.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ТЫНЫСТАНОВА Н.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**TYNYSTANOVA N.A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID:0009-0008-9037-7835

# СТУДЕНТТЕРДИН КЕСИПТИК ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

## ФОРМИРОВАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ СТУДЕНТОВ

## FORMATION OF PROFESSIONAL SCIENTIFIC AND RESEARCH COMPETENCE OF STUDENTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада заманбап билим берүүдө студенттердин кесиптик илимий-изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун актуалдуулугу жана анын маанисине байланыштуу маселелер каралат. Иштин максаты – студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган натыйжалуу методологиялык мамилелерди аныктоо. Изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык жана психологиялык булактарга таянуу менен теориялык анализ, педагогикалык адабияттарды изилдөө, байкоо жана жалпылоо усулдары колдонулду. Алынган натыйжаларда студенттердин илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн структуралык элементтери аныкталды жана ага таасир этүүчү ички жана тышкы факторлор талданып, бул натыйжалар студенттердин изилдөө жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган инновациялык ыкмаларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берери белгиленди. Изилдөөнүн натыйжаларына таянып, студенттердин кесиптик илимий-изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча келечектеги иш-чаралардын стратегиясы иштелип чыгып, аларды жүзөгө ашыруу аркылуу студенттердин илимий изилдөө жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүн болору аныкталды. Жыйынтыгында илимий-изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу – бул көп кырдуу процесс экендиги, изилдөө процессинде студенттердин илимий изилдөө жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган стратегиялардын эффективдүүлүгү студенттердин кесиптик өнүгүүсүнө чоң таасир этери, бул багытта системалуу мамиле кылуу зарылдыгы аныкталып, ошондой эле, студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууда мугалимдердин ролу жана изилдөө процессине активдүү катышуу чоң мааниге ээ экендиги белгиленди.

**Аннотация:** В статье рассматриваются вопросы, связанные с актуальностью и значением формирования профессиональной научно-исследовательской компетентности студентов в современном образовании. Цель работы – определение эффективных методологических подходов, направленных на развитие научно-исследовательской деятельности студентов. В ходе исследования применялись методы теоретического анализа с опорой на педагогические и психологические источники, изучение педагогической литературы, наблюдение и обобщение. В полученных результатах определены структурные элементы научно-исследовательской компетентности студентов, проанализированы внутренние и внешние факторы, влияющие на нее, и отмечено, что эти результаты позволяют разработать инновационные подходы, направленные на совершенствование исследовательских навыков студентов. На основе результатов исследования была разработана стратегия будущих мероприятий по формированию профессионально-исследовательской компетентности студентов, и было установлено, что путем их реализации можно повысить научную исследовательскую способность студентов. Установлено, что формирование научно-исследовательской компетентности – это многогранный процесс, эффективность стратегий, направленных на совершенствование научно-исследовательских способностей студентов в процессе исследования, оказывает большое влияние на профессиональное развитие студентов, необходим

системный подход в этом направлении, а также отмечена важная роль преподавателей и активное участие в исследовательском процессе в повышении профессиональной компетентности студентов.

**Abstract:** The article discusses issues related to the relevance and importance of the formation of professional research competence of students in modern education. The purpose of the work is to identify effective methodological approaches aimed at developing students' research activities. The research applied methods of theoretical analysis based on pedagogical and psychological sources, the study of pedagogical literature, observation and generalization. The results identify the structural elements of students' research competence, analyze the internal and external factors influencing it, and note that these results make it possible to develop innovative approaches aimed at improving students' research skills. Based on the results of the study, a strategy for future measures to develop students' professional research competence was developed, and it was found that through their implementation it is possible to increase students' scientific research ability. In conclusion, it was found that the formation of research competence is a multifaceted process, the effectiveness of strategies aimed at improving students' research abilities in the research process has a great impact on students' professional development, a systematic approach is needed in this direction, and the important role of teachers and active participation in the research process in the improving the professional competence of students.

**Негизги сөздөр:** билим берүү; компетенция; компетенттүүлүк; илимий-изилдөө; мугалим; студент; изилдөө ишмердүүлүгү; калыптандыруу.

**Ключевые слова:** образование; компетенция; компетентность; научно-исследовательская работа; учитель; студент; исследовательская деятельность; формирование.

**Keywords:** education; competence; competence; research work; teacher; student; research activity; education.

Бүгүнкү күндө студенттердин кесиптик илимий-изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу билим берүү тармагындагы актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Илимий изилдөө жүргүзүү жөндөмү – келечектеги адистердин кесиптик чеберчилигин арттыруунун негизги компоненттеринин бири. Бул компоненттүүлүктүн өнүгүүсү студенттердин аналитикалык ой жүгүртүүсүн, маалыматты системалуу түрдө иштеп чыгуусун жана практикалык маселелерди чечүү жөндөмүн жакшыртат. Изилдөө методологиясын, инновациялык ыкмаларды жана илимий ой жүгүртүү көндүмдөрүн үйрөнүү, келечектеги адистердин кесиптик ишмердүүлүгүндө маанилүү роль ойнойт.

Изилдөөнүн максаты – студенттердин кесиптик илимий-изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесстерин аныктоо жана аны өркүндөтүү ыкмаларын сунуштоо. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлат:

- Кесиптик илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн теориялык негиздерин талдоо;
- Студенттердин илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн маңызы жана структурасы;
- Студенттердин илимий изилдөө жүргүзүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү факторлорду аныктоо.

Билим берүү системасында компетенттүүлүк мамилесине басым жасоо бир катар жагдайларга байланыштуу. Биринчиден, дүйнөлүк коомчулуктун интеграцияга, экономиканын жана билим берүү системаларынын глобалдашуусуна умтулуусу, экинчиден, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу зарылдыгы, буга байланыштуу билим берүү парадигмаларынын алмашуусу, "билим, билгичтик жана көндүм парадигмасынан" "компетенттүүлүк парадигмасына" өтүү, бул билим берүүнүн мазмунунун өзгөрүшүнө, билим берүү процессин курууга жаңы ыкмаларды иштеп чыгууга алып келсе, үчүнчүдөн, кесиптердин жана кесиптик ишмердүүлүктүн тездик менен жаңыланышы, жогорку окуу жайларынын билим берүү процессин өркүндөтүүгө таасир этип, бүтүрүүчүлөрдүн эмгек процесси учурунда пайда болгон кесиптик милдеттерди чечүүгө даярдыгын калыптандырып, Балон процессинин алкагында кыргыз билим берүүсү өзүнүн өнүгүү системасын жакшыртышы керек. [3] Азыркы учурда замандын талабына ылайык бүтүрүүчү өндүрүштүк шарттарга тез ыңгайлашууга мүмкүндүк берген, өзүнүн компетенттүүлүк деңгээлин тынымсыз жаңылоого, өмүр бою билим алууга даяр болууга мүмкүндүк берген көп функционалдуу компетенцияларга ээ болууга тийиш. Себеби экономиканын жана өндүрүштүн инновациялык өнүгүүсү андан кесибине,

кесиптик ишмердүүлүгүнүн мазмунуна чыгармачылык менен мамиле кылууну талап кылат.

Компетенттүүлүк мамилеси акыркы жылдары теорияда жана практикада активдүү иштелип чыгууда. Бул ыкманын педагогикалык баалуулугу жогорку окуу жайларында билим берүү процессинин практикага багытталгандыгын күчөтүү, илимий-изилдөө даярдыгынын мазмунун кесиптик маанилүү сапаттардын жеке компоненттери менен байытуу, студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндөгү компетенцияларын өнүктүрүүгө артыкчылыктуу багыт берүү, билим алып жаткан адамдын окуу кырдаалдарынан тышкары эффективдүү иш-аракет кылуу жөндөмдүүлүгүн активдештирүү менен байланыштуу.

Компетенттүүлүк мамиленин негизги категориясы болуп компетенциялар саналат. «Компетенция» түшүнүгүнүн ар кандай чечмелениши бар.

Англо-орус сөздүгүндө “competence” термини контекстке жараша 1) билгичтик; 2) жөндөм; 3) жөндөмдүүлүк түшүнүгүн берет. [Англо-русский словарь. - Москва, 1990]

Белгилүү окумуштуу Г.И. Саранцевдин берген аныктамасына токтоло турган болсок: «Компетенция – бул жөн гана билим, көндүмдөр жана иш-аракеттердин ыкмалары эмес, «иш-аракеттердин жыйынтыгы». [5]

А.В. Хуторскийдин көз карашы боюнча, компетенция – бул инсандын өз ара байланышкан сапаттарынын, билиминин, жөндөмдөрүнүн жана көндүмдөрүнүн, ишмердүүлүк ыкмаларынын жыйындысы, белгилүү бир предметтердин жана процесстердин чөйрөсүнө карата коюлган жана аларга карата сапаттуу продуктивдүү ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон нерсе. [8]

Ал эми “компетенттүүлүк” белгилүү окумуштуу – методист А. Муратовдун берген аныктамасы боюнча: “Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору”. [6, 61-б.] Дагы бир педагогика жаатындагы белгилүү окумуштуу Б. Акматов: “Компетенттүүлүк – бул билим берүүнү жолго коюучу мазмундук жана формалык жаңылануу катары сунушталып жаткан жаңы багыт” деп өз аныктамасын берет. [2, 71-б.] Ал эми Ж. Баласагын атындагы КУУнун доценти Б. Оторбаевдин белгилөөсүндө: “компетенттүүлүк – бул инсандын түзүлгөн компетенциянын негизинде кайсы бир ишмердүүлүктү аткарууга карата билгиликтүүлүгү, жөндөмдүүлүгү, мүмкүнчүлүгү тийиштүү көндүмдөргө ээ экендиги”. [7, 156-б.]

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап, компетенциялар билимди, тажрыйбаны жана жеке сапаттарды ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүк үчүн колдонууга мүмкүндүк берерин белгилейбиз. Ал эми компетенттүүлүктү адам өзүнүн билимине жана тажрыйбасына таянган, кесиптик ишмердүүлүгүндө ийгиликке жетүүгө өбөлгө түзгөн жөндөмдөрдүн жана билимин камтыган концеция деп тыянак чыгарсак болот.

Изилдөөчүлөр компетенциялардын түзүмүндө кесиптик илимий-изилдөө компетенцияларын бөлүп көрсөтүшөт, алар илимий-изилдөө ишмердүүлүгү жаатында кесиптик иштин ийгиликтүү болушуна өбөлгө түзөт.

Кесиптик илимий-изилдөө компетенциясы – бул илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө даяр жана жөндөмдүү инсандык мүнөздөмө.

Кесиптик илимий-изилдөө компетенцияларынын өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн төмөнкү теориялык жоболор маанилүү:

- компетенциялар белгилүү бир тармакта ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун камсыздайт;
- компетенциянын өзөгү – билимди, тажрыйбаны ишмердиктин жаңы шарттарына өткөрүп берүү үчүн иш-аракеттердин топтому катары каралган жөндөмдүүлүктөр;
- компетенциялардын негизинде билим, тажрыйба жана ишмердүүлүктүн ийгиликтүү болушун камсыз кылган жеке сапаттар турат.

Демек, кесиптик компетенциялар блогуна анын жөндөмдүүлүгүн мүнөздөгөн субъекттин касиети; кандайдыр бир кесиптик билимдерге ээ болуп жана аны практикада колдоно алышы; кесиптик моделдерди иштеп чыгуу жана аны ишке киргизүү; өзүнүн кесиптик тармагындагы билимдерде изилдөөлөрдү жүргүзө алышы кирет. [4]

Ошентип, компетенттүүлүк мамилеси жогорку окуу жайларында студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган билим берүү процессин курууну болжолдойт.

Кесиптик илимий-изилдөө компетенттүүлүгү студенттердин теориялык билимдерди практикада колдонуу, көйгөйлөрдү аныктоо, маалыматтарды

чогултуу, талдоо, баалоо жана натыйжаларды негиздөө жөндөмүн камтыйт. Мындай компетенттүүлүк студенттерге келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө ийгиликтүү болууга, жаңы билимдерди үзгүлтүксүз өздөштүрүүгө жана коомдун өнүгүшүнө өз салымдарын кошууга мүмкүндүк берет.

Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларында студенттердин илимий-изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча бир катар аракеттер көрүлүп жатканы менен, бул багытта чечилүүгө тийиш болгон маселелер дагы деле бар. Окутуунун салттуу ыкмаларынын үстөмдүгү, окутуучулардын жетиштүү деңгээлде даярдыгынын жоктугу, студенттердин мотивациясынын төмөндүгү жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө керектүү материалдык техникалык базанын жетишсиздиги сыяктуу факторлор бул процесстин эффективдүүлүгүнө терс таасирин тийгизүүдө. Ушуга байланыштуу студенттердин илимий-изилдөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун учурдагы абалына сересеп салып, бул багыттагы көйгөйлөрдү аныктоо зарыл.

Илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн маңызы студенттин жаңы билимдерди өз алдынча издөөгө, сынчыл ой жүгүртүүгө, көйгөйлөрдү аныктоого жана чечүүгө, чыгармачылык менен мамиле жасоого жана илимий этиканын принциптерин сактоого даярдыгында көрүнөт. Бул компетенттүүлүк студентке окуу процессинде гана эмес, ошондой эле келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө да ийгиликке жетүү үчүн зарыл болгон негизги жөндөмдөрдү калыптандырат.

Студенттердин кесиптик илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн структурасын бир нече негизги компенентке бөлүп кароого болот:

- Мотивациялык максаттуу компонент – бул компонент студенттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө болгон кызыгуусун, ички муктаждыгын жана ага умтулуусун камтыйт. Изилдөө жүргүзүүгө болгон позитивдүү мамиле, таанып-билүүгө болгон кызыгуу, жаңы билимдерди алууга умтулуу жана коюлган максаттарга жетүүгө болгон каалоо бул компоненттин негизги элементтери болуп саналат.
- Маалыматтык-таанып билүүчүлүк компонент – бул компонент студенттин илимий изилдөөлөрдүн методологиясы, ыкмалары, принциптери жана уюштуруу формалары боюнча зарыл болгон теориялык билимдерди жана түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүн камтыйт. Ага илимий адабияттар менен иштөө, маалымат булактарын табуу жана баалоо, изилдөө маселесин аныктоо, гипотезаларды коюу, изилдөө планын түзүү жана маалыматтарды чогултуу ыкмаларын билүү кирет.
- Ишмердүүлүк практикалык компонент – бул компонент студенттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу боюнча практикалык билгичтиктерин жана көндүмдөрүн камтыйт. Ага эксперимент жүргүзүү, байкоо жүргүзүү, сурамжылоо жүргүзүү, маалыматтарды талдоо жана интерпретациялоо, илимий отчетторду жана макалаларды жазуу, илимий конференцияларда жана семинарларда өз ишин презентациялоо жөндөмдөрү кирет.
- Рефлексивдүү-баалоочу компонент – бул компонент студенттин өзүнүн илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө сынчыл баа берүү, кетирген каталарын талдоо жана аларды оңдоо, ошондой эле алынган натыйжалардын маанилүүлүгүн жана практикалык баалуулугун баалоо жөндөмдөрүн камтыйт. Өзүн-өзү өнүктүрүүгө жана жаңы билимдерди өздөштүрүүгө болгон даярдык бул компоненттин маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Мына ушундай жогоруда саналып өткөн компоненттер өз ара тыгыз байланышта болуп, бири-бирин толуктап турат жана студенттин илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн толук кандуу калыптанышы үчүн зарыл шарттарды түзөт. Бул компетенттүүлүктүн калыптанышы студенттин инсандык өсүүсүнө, анын кесиптик жактан калыптанышына жана коомдун интеллектуалдык потенциалын жогорулатууга олуттуу салым кошот.

Студенттердин илимий-изилдөө жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү – бул көп кырдуу процесс болгондуктан, ага бир катар ички жана тышкы факторлор да таасир этет. Бул факторлордун өз ара байланышы жана комплекстүү таасири студенттердин изилдөөгө болгон кызыгуусун, билгичтиктерин жана жалпы компетенттүүлүгүн калыптандырууда чечүүчү ролду ойнойт. Ички факторлорду карай турган болсок, аларга төмөнкүлөрдү киргизебиз:

1. Студенттердин жеке сапаттары жана мотивациясы – мында ички мотивациянын жогору болушу студенттин кыйынчылыктарды жеңүүгө, жаңы нерселерди үйрөнүүгө жана изилдөө процессинде ийгиликке жетүүгө болгон аракетин күчөтөт.

2. Баштапкы билим деңгээли жана академиялык даярдыгы – мында студенттин тиешелүү дисциплиналар боюнча терең жана системалуу билими илимий изилдөө жүргүзүү үчүн зарыл болгон теориялык базаны түзөт. Ошондой эле, студенттин сынчыл ой жүгүртүү, маалыматтарды талдоо жана синтездөө жөндөмдөрү анын изилдөө ишмердүүлүгүндө ийгиликтүү болуусуна көмөктөшөт.

3. Изилдөөгө болгон кызыгуу жана баалуулуктар – мында өзүнүн келечектеги кесибине байланыштуу болгон актуалдуу маселелерге кызыгуусу, изилдөө ишмердүүлүгүнүн инсандык өнүгүү жана кесиптик өсүү үчүн баалуу экендигин түшүнүү студенттин бул процесске болгон катышуусун жогорулатат.

Ал эми тышкы факторлор төмөнкүлөрдөн турат:

1. Окутуучунун ролу жана педагогикалык ыкмалар – окутуучунун илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруудагы компетенттүүлүгү, студенттерге жетекчилик кылуудагы тажрыйбасы жана колдонгон педагогикалык ыкмалары студенттердин изилдөөгө болгон кызыгуусун ойготууда жана алардын изилдөө жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө чечүүчү мааниге ээ. Интерактивдүү ыкмаларын колдонуу, проблемалык окутуу, долбоордук ишмердүүлүк жана студенттерди өз алдынча изилдөөгө багыттоо алардын илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн калыптанышына өбөлгө түзөт. Студенттердин изилдөө зонасын таап жана аны практика жүзүндө аракетке келтирүү менен ыкмаларын конкреттештирүүгө болгон муктаждыгын ойготуу аткарыла турган тапшырмага болгон кызыгуусун арттырып, бара-бара студенттин аң-сезиминде белгисиз нерселерди таанып билүүгө умтулууну, жаңылык жаратууга түрткү болот. [1]

2. Окуу жайдын билим берүү чөйрөсү жана ресурстары – окуу жайдын илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө болгон көңүлү, студенттер үчүн жеткиликтүү болгон заманбап лабораториялар, китепканалар, маалыматтык ресурстар жана илимий борборлор студенттердин изилдөө жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Ошондой эле, окуу жайдагы илимий иш-чаралар (конференциялар, семинарлар, конкурстар) студенттердин илимий коомчулукка интеграцияланышына жана тажрыйба алмашуусуна шарт түзөт.

3. Окуу программасынын мазмуну жана уюштурулушу – окуу программасына илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө багытталган дисциплиналардын жана практикалардын киргизилиши, студенттерге изилдөө жүргүзүүнүн негиздерин үйрөтүүгө жана алардын практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Окуу программасынын ырааттуулугу жана илимий изилдөөгө бөлүнгөн убакыттын жетиштүүлүгү да маанилүү фактор болуп саналат.

4. Курсташтарынын жана илимий жааматтын таасири – студенттердин курсташтары менен болгон пикир алмашуусу, биргелешкен долбоорлорго катышуусу жана илимий жетекчилер менен болгон интеракциясы алардын изилдөөгө болгон мотивациясын жогорулатат жана жаңы идеялардын пайда болушуна өбөлгө болуп, илимий чөйрөдөгү колдоо жана позитивдүү маанай студенттердин ийгиликтүү изилдөө жүргүзүүсүнө шарт түзөт.

5. Социалдык-экономикалык факторлор – студенттин үй-бүлөлүк шарттары, материалдык абалы жана коомдогу илимге болгон мамиле да анын илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө тикелей жана кыйыр түрдө таасир этиши мүмкүн. Илимге болгон мамлекеттик колдоо, гранттардын жана стипендиялардын болушу студенттердин изилдөөгө болгон кызыгуусун арттырат.

Жогорудагы саналып өткөн ички жана тышкы факторлордун өз ара аракеттешүүсүнөн студенттердин илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн калыптанышы түздөн-түз көз каранды. Анткени билим берүү процессин уюштурууда бул факторлорду эске алуу жана аларды оптималдуу пайдалануу студенттердин илимий потенциалын толук кандуу ачууга жана алардын келечектеги ийгиликтүү адистер болуп калыптанышына шарт түзөт.

Изилдөө көрсөткөндөй, студенттин жеке сапаттарынан жана баштапкы билиминен тышкары, окутуучунун ролу, окуу жайдын билим берүү чөйрөсү, окуу программасынын мазмуну жана колдонулган педагогикалык ыкмалар студенттердин илимий-изилдөө жөндөмдөрүнүн өнүгүшүнө олуттуу таасир этет. Бул процесске окутуучулар, окуу жайдын админстрациясы жана студенттердин өздөрү активдүү катышуусу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин кесиптик илимий-изилдөө компетенттүүлүгүнүн калыптанышы – бул көп баскычтуу жана үзгүлтүксүз процесс болуп

саналат. Изилдөө процессинде студенттердин илимий изилдөө жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган стратегиялардын эффективдүүлүгү аныкталып, теориялык жана практикалык маселелердин негизинде төмөнкү жыйынтыктарга келүүгө болот: илимий-изилдөө процесси студенттердин интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалын өркүндөтүүгө таасир этет; окуу программаларына илимий изилдөө методдорун интеграциялоо студенттердин кесиптик даярдыгын жогорулатат; практикалык илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү студенттерди өз алдынча ой жүгүртүүгө жана чыгармачыл чечим кабыл алууга үйрөтөт. Студенттердин илимий потенциалын өнүктүрүүгө багытталган системалуу жана комплекстүү аракеттер келечектеги жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого жана өлкөнүн илимий-педагогикалык процессине өз салымын кошууга мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар**

1. Асипова Н.А., Баялиева А.С., Курманбек кызы Мира. Студенттердин өз алдынча иштерди аткаруудагы чыгармачыл мамилесин калыптандыруунун психологиялык педагогикалык маселелери // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2024, № 1, 18-25-бб.
2. Акматов Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теорисы жана практикасы: монография. – Бишкек: «Фаст принт», 2016, 456-б.
3. Беделбаева А.З. Заманбап билим берүү парадигмалары // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2023, № 1, 13-21-бб.
4. Гапарова А.Э. Студенттердин коммуникациялык компетенттүүлүгүн калыптантандыруунун педагогикалык маселелери // ЖАМУнун Жарчысы, 2021, №2. 77-82-бб.
5. Саранцев Г.И. Современное методическое мышление как ключевая компетенция педагога // Педагогика, 2014, № 3, с. 5-9.
6. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. – Бишкек: «Турар», 2013, 554-б.
7. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы: окуу китеби. – Бишкек: «Айат», 2020, 560-б.
8. Хуторской А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы образования // Народное образование, 2003, № 2, с. 58-67.

**Рецензент: пед.и.к., доцент Кенжешев К.Д.**